УДК: 364.65.1
DOI: 10.35254/bhu.2021.52.11

Кубатбекова Мээрим
К. Карасаев атындагы
Бишкек мамлекеттик университети,
Садырова Г.К.
К. Карасаев атындагы
Бишкек мамлекеттик университети

КЫРГЫЗСТАНДА БАЛДАРДЫ ЗОРДУК-ЗОМБУЛУКТАН КОРГООНУН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

ПРАВОВЫЕ ОСНОВЫ ЗАЩИТЫ ДЕТЕЙ ОТ НАСИЛИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

LEGAL FRAMEWORK FOR PROTECTING CHILDREN FROM VIOLENCE IN KYRGYZSTAN

Аннотация: *Бул макала азыркы мезгилдеги социалдык-психологиялык кызматтын актуалдуу маселелеринин бири болгон Кыргызстанда балдарга карата катаал мамиле жана зомбулук көрсөтүү фактыларынын көбөйүшүнөн улам анын кеңири жайылган көрүнүшкө айлануу коркунучунун алдын алуунун жана зордук-зомбулукка кабылган балдардын укугун калыбына келтирүүнүн мыйзамдуу жолдорун талдоого багытталды. Бул тема биздин күндөрдө актуалдуу, анткени азыркы дүйнөдө күчкө салуу объектисинин чек аралары кеңейди, радио-, теле-, интернетте балдары бар үй-бүлөдөгү балдарга катаал мамиле жасагандардын саны көбөйгөнүн, ата-энелерине карата сот фактыларын чагылдырууда көрөбүз.*

Түйүндүү сөздөр: *зордук-зомбулук, укугу бузулган балдар, улуттук мыйзамдар, социалдык-укуктук коргоо, реабилитациялоо.*

Аннотация: *данная статья направлена на анализ правовых путей предупреждения угроз и препятствованию превращения ее в широко распространенное явление, а также восстановления прав детей, подвергшихся насилию, вследствие увеличения фактов жестокого обращения и насилия в Кыргызстане, которые в настоящее время являются одной из актуальных проблем социально-психологической службы. Данная тема актуальна именно в наши дни, так как в современном мире границы объекта насилия расширились, охватывая широкий круг слоев и групп населения, включая семьи с детьми, о чем свидетельствуют данные СМИ о жестоком обращении с детьми в семье и судебные факты в отношении их родителей.*

Ключевые слова: *насилие, национальное законодательство, социально-правовые проблемы, защита, реабилитация.*

Abstract: *this article is aimed at analyzing legal ways to prevent the threat of turning it into a widespread phenomenon and restore the rights of children who have been subjected to violence, due to the increase in cases of ill-treatment and violence in Kyrgyzstan, which are currently one of the urgent problems of the socio-psychological service. This topic is relevant today, because in the modern world, the boundaries of the object of violence have expanded to cover a wide range of layers and groups of the population, including families with children, as evidenced by media data on child abuse in the family and judicial facts against their parents.*

Key words: *violence, children with offenses, national legislation, Social and legal protection, rehabilitation.*

Кыргызстанда балдарга карата күч колдонуунун жана зордук-зомбулуктан жабырлангандардын күн санап көбөйүүсүнүн тилекке каршы кеңири жайылган көрүнүшкө айланып бара жаткандыгы өкүнүчтүү. Акыркы кездерде бул көрүнүштүн баланын өлүмү менен аяктап жаткандыгы дагы катталууда. Зомбулук балдардын келечегине, тагдырына балта чабат. Алардын кийинки жашоосуна жана ден соолугунун саламаттыгына гана терс таасирин тийгизбестен, зомбулук балдардын жүрүм-турумунун, мүнөзүнүн тескери жакка өзгөрүүсүнө алып келип эмоционалдык абалына да чоң коркунуч жаратат.

Зомбулук муундан муунга өтүшү мүмкүн. Бул зомбулуктун курмандыгы болгон бала муну кадыресе көрүнүш катары кабылдашы ыктымал жана кийин дагы башка бирөөлөргө карата зомбулукту көргөзүүсү мүмкүн.

Кыргызстанда балдарга карата катаал мамиле жана зомбулуктун кеңири жайылып баратышы түздөн түз балдар укуктарын бузууда.

Өтө көп балдар өз үйүндө, альтернативалык мекемелерде, мектептерде жана абактарда зомбулуктун түрдүү формаларынын курмандыгы же күбөсү болуп калууда. Үй-бүлөдө ата-энелер, бир туугандары тарабынан балдарды сабоо көрүнүшүнө тыюу салынбай жатат. Ал гана эмес мектептерде дагы мугалимдер жана курдаштары тарабынан опузалоо дагы кездешип жаткандыгы маалым. Бул Кыргызстандагы балдардын окуудан баш тартып, мектептен качып, окууга барбай коюусунун негизги себеби болуп саналат. Мектептеги зомбулук жана рэкет өлкөдөгү жаштар арасында зомбулуктун санынын өсүшүнүн бирден бир себеби, мунун натыйжасында окуучулар арасында өз өмүр кыйган учурлар катталууда.

Балдарга карата сексуалдык зордук-зомбулуктун улам өсүп жаткан саны бул багытта көңүл бурууну талап кылууда. Зордуктоону жаап-жашыруу, сексуалдык зомбулуктун курмандыгы болгон балдарды аныктоо жана коргоо механизмдеринин адекваттуу эместиги, тартип коргоо органдарынын чара көрбөгөнү жапа чеккен балдар үчүн түз даттануу механизмдердин жоктугу жана аларды коргой албоо, мындай балдарга психологиялык жардамдын жоктугу балдарды коргоого болгон укугунан ажыратууда.

Кыз ала качуу, бойго жете электе никеге туруу, эрте куракта төрөт жана гендердик зомбулук адатта кыздардын жашоосунун бардык өңүттөрүндө билинет, анын ичинде билим алуу, ден соолук, коргоо жана жумушта.

Интернет кеңири жайылгандыктан улам балдарга карата зомбулук интернеттен коркутуу жана онлайн режиминде сексуалдык эксплуатациялоо өңдүү жаңы формага өттү. Зордук-зомбулукту көрүп өскөн балдар муну жашоонун кадыресе бөлүгү катары кабыл алышы мүмкүн.

Эмгек мигранттарынын балдары көп учурда чоң ата жана чоң энелери менен, туугандарыныкында же интернат мекемелеринде жашашат, бул алардын зомбулуктун ар кандай түрлөрүнө кабылуу тобокелдигинин бузулуусуна алып барат.

ЮНИСЕФтин маалыматтары боюнча Кыргызстанда балдардын 73 %ы үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктардан жана балдардын 83.5 %ы мектептеги зордук-зомбулуктан жапа чегишкен. БУУнун балдарды коргоо боюнча Балдар фондунун Кыргызстандагы жетекчиси Мунир Мамедзаде ар бир күнү ар бир өлкөдө балдардын зордук-зомбулуктун курмандыгы болуп жаткандыгын айтуу менен «Зордук-зомбулук катуу кагыпсилкүү, тулку-боюна оор залака келтирүү, уруп-сабоо, балдарды сатуу, экономикалык жана сексуалдык кыйноого алуу, жашы жете электерди никеге мажбурлоо сыяктуу ар кандай формаларда көрүнөт. Бул феномен ар бир коомдо көйгөйлүү маселе жана бул маселе үй-бүлөлөрдө, мектептерде жана балдар мекемелеринде келип чыгат. Бул өңүттө Кыргызстан дагы четте калбайт» деп баса белгилеген.

ИИМдин маалыматына ылайык 2012-жылдан 2018-жылга чейин үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка кабылгандардын саны 2415тен 7114 кө чейин өскөн. Андан тышкары Саламаттык сактоо министрлигинин тыянагын карасак, 2012-жылы 721 адам зомбулуктун айынан денесине ар кандай залакат алып кайрылса, 2018-жылы 1527 адам кайрылган. Кыргызстанда балдардын 57%дан көбүрөөгү , 1-14 жашка чейин психологиялык жана физикалык жактан жазалоонун курмандыктары болушкан. 5-17 жашка чейинки ар бир төртүнчү бала балдардын эмгегин пайдаланууга туш болушат, ал эми жашы жете элек кыздардын никеге туруусуна 18 жашка чейинки кыздардын 13 % туш болгон.

Бойго жете элегинде турмуш курган келиндердин кош бойлуу болгондо ден соолугу начарлайт. Ошондой эле мындай кыздар жолдошу тарабынан эмоционалдык жана психологиялык зордук-зомбулука кабылат.

Акыркы алты жылдагы үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган аялдар, жаш балдардын саны кыскарган жок, тескерисинче арбый баштады. Үй-бүлөлүк зомбулук криминалдашып, адамдардын денесине залал келтирилип, сексуалдык ыдык көрсөтүүгө чейин барып, акыры адам өмүрү кыйылган фактылар да өсүүдө.

Өтө көп учурларда курмандыктар социалдык стигмадан жана айланасындагылардын басымынан улам зордук-зомбулук болгон учурлар тууралуу айтышпайт. Ушундай оор кырдаалда укугу бузулган балдардын укугун коргоо иштери алгылыктуу натыйжа алып келбегендиктен, тактап айтканда балдарды зордук-зомбулуктан коргоо мыйзамдары толук ишке ашпагандыктан дагы зордук-зомбулуктун курмандыктары укугун коргоо үчүн аракеттенбестен оор абалга туш болушат. Андыктан коомчулукта мамлекеттик деңгээлде, укуктук- мыйзам чегинде балага карата таш боордук менен мамиле кылып, зордук көрсөткөн адам-айбандарга аёосуз түрдө күрөш жүргүзүү учурдун негизги талабы болууга тийиш.

«Кыргызстанда үй-булөлүк зордук зомбулукка каршы мыйзамдар кандай деңгээлде иштейт, толуктоолор керекпи жана дагы кандай жазалар колдонулса болот?» деген суроонун айланасында ой жүгүртүү, жыйынтык чыгаруу коомдун алдына коюлган, кечиктирилгис түрдө ишке ашырылуучу бирден бир негизги милдет экендиги талашсыз.

КРнын «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндөгү» Мыйзамынын 13-статьясына ылайык, зомбулуктан социалдык-укуктук коргоону саламаттыкты сактоо жана билим берүү органдары, социалдык коргоо органдары, өспүрүм-

дөрдүн иштери боюнча комиссия, камкордук жана асырап алуу органдары, өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик эмес атайын социалдык тейлөө мекемелери, Бей өкмөт Уюмдар жана үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларын социалдык тейлөөгө байланыштуу иш алып барган жарандар, прокуратура жана сот органдары ишке ашырат.

Андан тышкары, КРнын «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндөгү» Мыйзамы үй-бүлөлүк зомбулукту, анын ичинде өспүрүмдөргө карата жасалган зомбулукту эскертүүгө жана зомбулуктун курмандыгы болгон балдарды реабилитациялоого тийиштүү жоболорду, үй-бүлөлүк зомбулуктан социалдык-укуктук коргоонун атайын ыкмаларын өзүнө камтыйт.

Кыргыз Республикасынын укуктук системасында кандай гана шартта болбосун, анын ичинде үй-бүлөдө балдардын денесине залал келтирүү менен жазалоого тыюу салынгандыгы так жана анык берилген.

КРнын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо максатында кабыл алынган Мыйзамдарына ылайык, ата-энеси же аны алмаштыруучулар өспүрүмдөрдүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын чектесе жана укуктарын бузган болсо, анда алар жоопкерчиликке тартылат.

Прокуратура органдары, аксакалдар соту, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы, мамлекеттик мекемелер жана башка үй-бүлөлүк зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо боюнча субъекттер, КРнын «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык, үй-бүлөдөгү зомбулукту алдына алып эскертүү жана анын курмандыктарына социалдык жардам көрсөтүү боюнча субъект болуп эсептелет. Үй-бүлөдө өспүрүмдөргө карата зомбулук жасалгандыгы жөнүндөгү маалымат берилери менен билим берүү системасынын кызматкерлери ички иштер органдарынын кызматкерлерине жана прокуратура органдарына билдирүүлөрү керек. Алар тез аранын ичинде чара колдонгонго милдеттүү. Ошондой эле, үй-бүлөдөгү балдарга карата жасалган зомбулук фактылары жергиликтүү бийлик органдары же камкордук жана асырап алуу органдары тарабынан байкалган учурда да баардык маалыматтар ички иштер органдарына жана прокуратурага билдирилиши керек. Ал эми социалдык тейлөө боюнча атайын мекемелер, калкты социалдык тейлөө боюнча ишмердүүлүк менен алектенген жарандар менен Бей Өкмөт Уюмдар үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндөгү маалыматтарды ички иштер органдарына же прокуратурага зомбулуктун жабырлануучусунун макулдугу менен билдирет. Бирок, үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу жаш курагы жете элек өспүрүм болгон болсо, анда бул ырайымсыз көрүнүш жөнүндөгү маалыматтарды керектүү органдарга билдирүү үчүн жабырлануучунун макулдугун алуунун кажети жок. Баардык балдар жана анын атынан кайрылгандардын баардыгы тең балага карата жасалган зомбулук маселеси боюнча арыз жазганга укуктуу. Балдарга жасалган зомбулуктун кандай гана түрү болбосун, ал соттун тескөөсү же өспүрүмдөрдүн иши боюнча комиссиянын чечими менен чечилет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бир катар жыйындарында дагы балдарга карата жасалган зордук-зомбулукка каршы күрөшүү жана анын алдын алуу маселелери кызуу талкууга алынууда. «СССР маалында "Бардыгы балдар үчүн!" деген ураан бар эле. Бүгүнкү күндө балдарды коргоо жаатында мыйзамдар, өкмөттүк эмес уюмдар көп. Бирок балдарга болгон зордук-зомбулук барган сайын күч алууда". Мындай пикирди 2020-жылдын 22-январда Жогорку Кеңештин жыйынында депутат **Карамат Орозова** сунуштады. Депутат азыркы тапта КРнын Балдар кодексине, Үй-бүлө кодексине, Кылмыш-жаза кодексине тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгын белгиледи. Ошону менен катар балдардын укуктарын коргоо жаатында өкмөттүк деңгээлде Координациялык кеңеш түзүүнү да сунуштады.

Айта кетсек, өлкөдө балдарга зомбулук көрсөтүү фактыларынын көбөйүшүнөн улам балдарды кордогондорго өлүм жазасын колдонуу демилгеси көтөрүлүүдө. КРнын Конституциясына ылайык, адамдарды өлүм жазасына тартууга жол берилбейт.

Балдардын укугун коргоо боюнча адистерге үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган балдардын укугу качан корголот? Деген суроолор менен кайрылган учурда төмөндөгүдөй жооптор алынды: Кумар Эргешова , балдардын укугун коргоо боюнча эксперт: «Көпчүлүк учурда ички жана сырткы миграциянын кесепетинен улам жаш балдар туугандарынын колунда калып, ошол эле туугандарынан ыдык көрүп жатышат. Мисалы, былтыр эле Алтын-Казык жаңы конушунда өспүрүм баланы таекеси машинасына сүйрөткөнү коомчулукта катуу ызы-чуу жараткан. Ал баланын апасы Россияга иштегени кетип, баласын инисине калтырган. Бул бала кичине чоңое баштагандан бери эле, ар кайсы туугандарында түрткүнчү болгон. Ошол күнү таекесинин үйүнөн майда-чүйдө акча жоголуптур. Таекеси баланы жазалайм деп, анын эки колун байлап, машинасына сүйрөткөн. Убагында ал жигит кармалып, сот иштери териштирилип, бирок кийинчерээк бошотулуп кетти. Бул жерде маселе мындай, мамлекеттик деңгээлде документтер, укуктук нормативдик актылар, мыйзамдар жакшы кабыл алынат. Ал эми иш жүзүнө келгенде чабал болуп атат. Мисалы, жабыркаган баланы убактылуу баш калкалоочу (приют) үйлөргө алып барышат да, андан ары иш жүргүзүлбөй калат. Өзгөчө бул элет жеринде кездешет. Чындыгында элет жеринде социалдык иш жакшы жолго коюлган эмес. Социалдык өнүктүрүү министрлигинин бир эле социалдык кызматкери беш-алты айылга бекитилген. Ал кызматкер беш-алты айылды карап, ошондой үй-бүлөнү аныктап, баланын абалы оор, зордук-зомбулук көрүп атканын билсе да, аны убактылуу баш калкалоочу приюттарга гана алып бара алат. Ал бала алты ай, же бир жылдан кийин ошол эле үй-бүлөгө кайра келет. Бул жерде комплекстүү иш болбой жатат. Негизи балдарды зомбулуктан сактоо үчүн адегенде ата-энеге түшүндүрүү керек. Ата-энеси сыртка кеткенде балада ыза, таарыныч калат. Мээрим көрбөй чоңойгон бала агрессивдүү болот. 2012-жылы бейөкмөт уюмдар балдардын укугун коргоо, үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы мыйзамды күчөтүү боюнча сунуш киргизгенбиз. Биздин сунуш кабыл алынып, балдарга зомбулук көрсөткөрдөр 21 жылга чейин эркинен ажыратуу боюнча мыйзамга толуктоолор киргизилген. Бирок өткөндө мыйзамдарга

өзгөртүүлөр киргизилгенде ушул жазанын мөөнөтү азайып калыптыр. Бул жерде системалуу түрдө иштеш керек. Өзгөчө үй-бүлөнүн баалуулуктары тууралуу программа кабыл алынат, бирок аны коомчулуктун мээсине сиңириш керек».

Үй-бүлөдөгү зомбулук – бул бүтүндөй коом үчүн трагедия. Коомдун үрөйүн учурган аялдарга, балдарга карата жасалган катаал мамиле фактыларын мамлекет көңүл буруусуз калтырбастан бир катар иш чараларды жүргүзүп жаткандыгынын бирден-бир далили КРнын Президенти С. Ш. Жээнбековдун Жарлыгы менен 2020-жылды «Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы» деп атагандыгында турат. Бекеринен балдарды колдоо жылы деп аталган жок, бул соңку учурда өлкөдө аялдарга жана балдарга болгон зомбулуктун күчөп жаткандыгынан улам келип чыгып олтурат.

Жогоруда аталган Жарлыктын негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү да аялдардын жана балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо иштерин күчөтүүгө ниеттенүүдө. Бул тууралуу Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Мухаммедкалый Абылгазиев айтты.

«Баткен жана Нарын облустарында жаш энелердин өлүмүнө алып келген үй-бүлөлүк зомбулук фактылары тууралуу жаңылыктар акыркы күндөрү өлкөнү дуу кылды. Алар үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун курмандыгы болуп, балдар жетим калышты. Энелери күйөөлөрүнүн колунан каза табышты, алар жасаган кылмышы үчүн катаал жазага тартылышат. Акыркы каргашалуу окуялар бүгүнкү күнү үй-бүлөлүк зомбулук көрсөтүү көйгөйү болуп көрбөгөндөй актуалдуу экендигин ачык күбөлөндүрөт. Тилекке каршы, өлкөбүздө аялдар жакындары тараптан зомбулук көргөн учурлар аз эмес. Алар ар кандай себептерден улам ур-токмокко алынып, кордук көрүп келишет. Үй-бүлөдөгү катаал мамиле трагедиялуу аяктаган айрым учурлар бар. Бул жалпы коом үчүн кооптуу белги, анткени жакындарына карата агрессия көрсөткөн адамдар арабызда жүрүшөт. Алар үй-бүлөлүк зомбулукту адаттагыдай, мыйзамга каршы келбеген, адам укуктарын жана эркиндигин бузбаган көрүнүш катары көрүшөт. Үй-бүлөлүк зомбулук – бул инсанга каршы кылмыш жана бүтүндөй коомдун трагедиясы. Тилекке каршы, көп жылдардан бери үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук маселеси ачык айтылбай, жаап-жашырылып келүүдө. Ошентсе да үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук – бул бир бүлөнүн жеке көйгөйү эмес. Бул укук бузуу, коом мындай ырайымсыздыкка көз жумуп койбошу керек. Зомбулук көрсөткөн адамды актай турган себеп жок жана болбойт дагы. Өлкөдө аялдарга жана балдарга карата жасалган зордук-зомбулукка каршы маанай түзүлүүсү керек. Үй-бүлөдөгү ынтымак менен ырашкерлик – бул жогору баалап, коргой турган жашоодогу маанилүү баалуулук экенин ар бир адам түшүнүүсү зарыл. Ден соолугу чың, бактылуу аялзаты – бул бейпил үй-бүлөнүн жана бакубат улуттун кепилдиги», - деп баса белгиледи Өкмөт башчы.

Мухаммедкалый Абылгазиев жарандарды үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан коргоону камсыз кылуу механизмдерин жакшыртуу боюнча улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү иштерин активдештирүүнү тапшырды.

Муну менен катар үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук жана балдарга жасалган катаал мамиле үчүн жазаны күчөтүү маселесин изилдөө боюнча жумушчу топтун ишмердүүлүгүн тездетүү тапшырмасы берилди. Мухаммедкалый Абылгазиевдин айтымында, бул иш жарандык коомдун жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен тыгыз кызматташуунун негизинде аткарылышы керек.

Премьер-министр Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу уюмдары менен биргеликте үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук маселеси боюнча калк арасында түшүндүрүү иштерин күчөтүүнү тапшырды.

ЮНИСЕФ балдарга карата зордук-зомбулукту токтотуу үчүн бардык жааттарда программаларды ишке ашырып келет. Алар: зомбулуктан жапа чеккен балдар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууда өкмөттөргө колдоо көрсөтүү, балдарды коргой турган мыйзам долбоорун иштеп чыгуу, балдарды тарбиялоо боюнча курстар өңдүү практикалык программалар аркылуу зомбулукту болтурбоо үчүн жамааттарга, ата-энелерге жана балдарга жардам берүү.

Зомбулуктун тамырын кесүү үчүн ЮНИСЕФ өкмөттөрдү чукул чараларды көрүүгө чакырат. Анын ичинде:

Балдарга зомбулуктун деңгээлин азайтуу боюнча улуттук пландарды даярдоо – бул пландар билим берүү, социалдык камсыздоо, сот адилеттиги жана саламаттык сактоо системаларын, ошондой эле жамааттарды жана балдардын өзүн бириктирет.

Ар кандай зомбулуктун курмандыктары болгон балдардын укуктары бир катар Кыргыз Республикасынын ратификацияланган эл аралык келишимдеринин, КРнын мыйзамдарынын жана башка укуктук актыларынын негизинде корголот.

Адабияттар

1. *Жестокое обращение с детьми и пренебрежение их нуждами в семье в Кыргызской Республике. ЮНИСЕФ. -Бишкек, 2010.*
2. *Жетим, ата-энесинин камкордугунан ажыраган жана кароосуз калган балдардын мекемелеринде адамдын укуктарын сактоо боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин отчету. -Бишкек, 2008.*
3. *Закон КР «О социально-правовой защите от насилия в семье» от 25 марта 2003 г. № 62.*
4. *Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндөгү» мыйзамы.*
5. *Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодекси.*
6. *Постановление Правительства КР «О создании отделов по поддержке семьи и детей, и комиссии по делам детей в государственных администрациях районов и исполнительно – распорядительных органах местного самоуправления КР» от 10 июня 2008 г. № 285.*
7. *Усаров М. К. Право ребенка жить и воспитываться в семье // Ежегодник по правам человека в Кыргызской Республике за 2008 г. -Б., 2009.*

Рецензент: к. ф. н., доцент Мусаева Н.К.